А. Султанованын "Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилериндеги өзгөчөлүктөр" деген темада аткарган кандидаттык диссертациясына илимий жетекчи катары

**пикирим**

Азыркы кыргыз тилинин ар кайсы маселелеринин такталышы, толукталышы зарыл деп эсептейбиз. Кыргыз тилинин грамматикасындагы толукталышын жана айрым бир жагынын такталышын талап кылып турган маселе болуп этиш сөз түркүмү эсептелет.Этиш сөздөр кыргыз тилинин лексикалык корунун басымдуу көпчүлүгүн түзөт. Этиштерди жалпысынан кыймыл-аракетти жана ал-абалды билдирген сөздөр деп айтабыз. Кыймыл-аракеттер менен ал-абал сөзсүз түрдө убакыт бирдигинде боло турган көрүнүш. Ар бир кыймылдын аткарылышы менен убакыттын өткөнү байкала берет. Анан дагы кыймыл-аракетти, ал-абалды билдирген сөздөр дайыма абстракттуулукта болот.Кыймыл-аракет, ал-абалдар бизге көрүнбөйт, алардын аткарган, ал-абалга дуушар болгон заттарды гана көрөбүз да, алардын кыймылынан, бир жерде турган көрүнүшүнөн кыймыл-аракетти, ал-абалды туябыз.

Ошентип этиш сөз түркүмүн түзгөн сөздүрдү туюп билип гана жадыбызда сактай алабыз.

Этиш сөздөрдүн ар дайым токтолбостон өтүп жаткан убакыт менен тыгыз байланышта карала турганын эске алып, кыймыл-аракеттин ушу азыр болуп жатканы, ушул учурдан мурда болуп өткөнү жана ушул азыр али аткарыла электиги, боло электиги деген түшүнүктөргө ээ болобуз да, грамматикада учур чакты, өткөн чакты жана келер чакты билдирген этиштерди айырмалап окуп үйрөнөбүз. Мына ушул этиштин учур чак, өткөн чак, келер чак маанилери грамматикалык маанилер болуп эсептелип, булардын өздөрүндө да грамматикалык түрдүү маанилик өзгөчөлүктөр болот.

Изилдөөчү мына ошол маанилердин ичинен келер чак маанилерин алып лингвистикалык изилдөө жүргүзгөн. Ар кандай грамматикалык маанилердин жаралышы атайын грамматикалык каражаттардын сөзгө жалганышы менен ишке ашат. А. Султанова кыргыз тилиндеги келер чак маанилерин изилдөөдө, азыркы кыргыз профессионал адабиятынан, басма сөз беттеринен, акындардын ырларынан жана элдик оозеки чыгармалардан мисалдарды арбын топтоп алып, аларды келер чактын түрдүү өзгөчөлүктөрү боюнча классификациялап талдап изилдеп чыкты. Натыйжада азыркыга чейинки грамматикаларда, илимий адабияттарда айтылып, белгиленип келе жаткан грамматикалык каражаттардан келер чакты туюндура турган башка каражаттардын бар экенин таап чыкты. Алардын келер чак маанилерин терең талдап чыгып, белгилүү деңгээлде тыянактарды чыгарды. Ошону менен бирге этиш сөздөрдүн ушу кезге чейин ойго алынбай келген лексика-грамматикалык маанилеринин сырын, грамматикалык каражатсыз эле чакты билдире турган касиеттерин айтып чыкты.

Кыскасы, изилдөөлөрү бир топ терең жүргүзүлүп, келечекте кыргыз тилинин академиялык грамматикасына материал болуп берерлик деңгээлде аткарылды.Ишти максатына жете алган иш деп эсептеп коргоого сунуш кылам.

**Абдувалиев И.**, филология илимдерининдоктору,профессор